# ЭЛ АРАЛЫК ПЕН-КЛУБ ДҮЙНӨНҮН ЖАЗУУЧУЛАРЫН БИРИКТИРЕТ

*Он беш жыл илгери Лингвистикалык укуктардын жалпы декларациясы Барселондо биринчи жолу Лингвистикалык укуктар жана Эл аралык ПЕН-клуб котормосу боюнча Комитет тарабынан элге жарыяланган. Бүгүн Жирондо чогулган ошол эле комитет Жалпы декларациянын он негизги принцибин манифестациялайт.*

1. Бүткүл дүйнөнүн лингвистикалык ар түрдүүлүгү бааланууга жана корголууга тийиш.
2. Бүткүл дүйнөдө бардык тилдер менен маданияттарды урматтоо диалог менен тынчтыкты куруунун жана кармап туруунун негизинде жатат.
3. Бардык адамдар коомчулуктун эң жүрөгүнөн сүйлөөгө үйрөнүшөт, бул аларга жашоону, тилди, маданиятты жана өз алдынчалыкты берет.
4. Сүйлөшүүнүн түрдүү тилдери жана түрдүү манерасы байланыш каражаты гана эмес, адамдар жашаган жана алардын маданияты түзүлгөн чөйрө дагы болуп саналат.
5. Ар бир тилдик коомчулук өз аймагында расмий тил катары колдонулууга тийиш болгон өз тилине укуктуу.
6. Мектептик окутуу өз аймагында тилдин, пикир алышуунун, тилдик жалпылыктын келечегин жөндөмдөштүрүүгө тийиш.
7. Колдон келсе ар бир жаран ар түрдүү тилдер жөнүндө жалпы билимдерге ээ болгону жакшы, анткени бул интеллектуалдык ачыктыкты жана өз тилин тереңирээк билүүнү жөндөмдөштүрөт.
8. Тексттерди, өзгөчө ар түрдүү маданияттардын улуу чыгармаларын которуу эл арасында тереңирээк түшүнүү жана урматтоо процессине зарыл болгон эң маанилүүэлементти камтыйт.
9. ММКлар лингвистикалык ар түрдүүлуктүн өнүгүшүн, ишин, келечегинин жогорулашын жөңдөмдөштүрүүгө тийиш.
10. Өз тилин колдонуу жана коргоо укугу адам укуктарынын негизгилеринин бири катары Бирикен Улуттар Уюму тарабынан таанылууга тийиш.

Translated by PEN